УДК 371.3

Каниметов Ж.К.
*педагогика илимдеринин доктору, профессор,*
*педагогикалык билим берүүнүн Эл аралык илимдер академиясынын академиги*
*Кыргыз-Түрк "Манас университети"*

## БИЛИМ БЕРҮҮНҮ БАШКАРУУНУ ДЕМОКРАТИЯЛАШТЫРУУ

Республикадагы билим берүүнү демократиялаштыруу анын мазмунун инсандын, мамлекеттин, коомдун керектөөлөрүнө шайкеш келтирүү, ал эми башкарууну социалдык, экономикалык жана саясий шарттарга ыңгайлаштыруу аркылуу ишке ашат. Талдоолор көрсөткөндөй, коомду демократиялаштыруу шартында рынок мамилелерин калыптандыруу, билим берүүнү башкаруудагы ишкерликтин ролунун өнүгүшү дале болсо адатка айланган командалык-административдик методдор аркылуу ишке ашырылууда.

ЖОЖду башкаруу дайыма белгилүү бир демократиялык көрүнүштөргө ээ, бирок ал өзүнөн өзү ишке аша бербейт, ал үчүн билим берүү процессинин катышуучуларын демократиялык процедураларды ишке ашыруу үчүн бул өнүттөгү билим, билгичтик жана көндүмдөргө ээ кылуу керек. Алар белгилүү бир компетенцияларга ээ болушуп, ушул ишмердик үчүн коомдук пикир түзүүгө кызыкдар бардык тараптарды тартуу зарыл.

Азыркы күндө билим берүүдөгү сапаттык өзгөрүүлөр коомчулуктун катышуусуз ишке ашпайт. Анткени билим берүү – коомдук турмуштун сферасы. Коом жогорку окуу жайга жүз буруп, ал эми мамлекет билим берүүдөгү монополиядан баш тартуусу зарыл.

Билим берүү уюмдарын башкаруу адамдарга, көптөгөн окуялардын күтүүсүздүгүнө жана капыстан болчу нерселер менен байланыштуу. Билим берүү уюмдарын башкаруунун натыйжалуулугу гуманитардык система катары подсистемалардын бири-бирине шайкештиги бири-бирине түшүнүктүүлүк деңгээлине жараша аныкталат. Тил табышуу жана түшүнүү – билим берүү уюмунун жетекчисинин камкордугу. Билим берүүнү башкарууну демократиялаштыруу шартында башкаруунун айрым бир элементтерине эле таасир бербестен, өз ара карым-катнаштын ийгиликтүү болушу үчүн алардын өз ара байланышына да таасир этүү зарыл.

Дүйнө жүзүндөгү ЖОЖдордун моделдери жөнүндө сөз кылганда, аларды экиге бөлүүгө болот. Биринчиси – бир баскычтуу билим берүү системасы, экинчиси – көп баскычтуу билим берүү системасы.

Көп баскычтуу билим берүү системасы дүйнөлүк практикада жогорку билим берүүнүн түзүмүн жана мазмунун эске алып, «Англо-америкалык модель» жана «француз модели» деп бөлүнөт, ал эми алардын уюштуруу жана башкаруу маселелерин эске алганда, «либералдык» жана «административдик» моделдер деп бөлүнөт. Кыргызстандын билим берүү системасынын мыйзамдык-укуктук базасында англо-америкалык жана административдик модель негиз катары алынган.

Либералдык модель, адатта, рынок экономикасын тандаган, демократиялык баалуулуктарды сактаган өлкөлөргө мүнөздүү. Алар, салт боюнча, ЖОЖдордун автономиялуулугун жана академиялык эркиндикти сыйлашат. Ал эми административдик модель пландуу экономикага негизделген, мамлекеттик катуу көзөмөл менен командалык административдик башкарууну башынан өткөргөн өлкөлөргө мүнөздүү. Буга дээрлик бүт союздук республикалар, анын ичинен Кыргызстан да кирет.

Ар бир өлкөдө жогорку кесиптик билим берүү моделин тандап алуу маселеси бар. Бул маселе Кыргызстанды да кыйгап өткөн жок, ушул тапта жаңы мыйзамдык-укуктук базаларды түзүү иштери жүрүп жатат.

Тигил же бул моделди тандап алардан мурун, алардын өзгөчөлүктөрүн аныктап, социалисттик өндүрүш ыкмасынан капиталисттик багытка өтүүнүн баштапкы этабында турган Кыргызстан административдик моделден либералдык моделге ыкчам өтө алабы деген суроого жооп беришибиз керек. Эң башкысы – аны толук кандуу ишке ашырып, жашатып кете алабызбы? Үстүртөдөн караганыбызда, бул суроого жооп жөнөкөй жана позитивдүү болушу зарыл. Иш жүзүндө жагдай андай эмес. Маселе 2 моделдин принципиалдуу айырмачылыгында жатат. Бул айырмачылыкты жоюуга убакыттан тышкары, бышып жетилген шарт керек. Абдан дыкат салыштырып, талдоо мындай тыянактын тууралыгын дагы бир жолу ырастайт.

Кыргызстандын азаттыкка ээ болгондон берки билим берүү системасында эл аралык талаптарга жана стандарттарга жооп берген прогрессивдүү мыйзамдык–укуктук базасы түзүлдү десек, жаңылбайбыз. Бирок да Кыргызстандын билим берүү системасын эл аралык билим берүү мейкиндигине жуурулуштуруу маселесин өз убагында чечүүгө мүмкүндүк берүүчү жаңылоону талап эткен белгилер да бар.

Республиканын шартында билим берүүнү башкарууну демократиялаштыруунун маанилүү багыттары болуп борбордон обочолонтуу, аймакташтыруу, билим берүүнү мамлекеттик-коомдук башкаруунун ачыктыгы жана өнүгүүсү эсептелет.

Бул багыттардын ар бирин карап чыгуудан мурун, «билим берүүнү башкарууну борбордон обочолонтуу» түшүнүгүнүн мазмунун тактап алалы.

Башкарууну демократиялаштыруу ар кандай көз караштардан каралат: уюштуруу структураларын бузуу, дегеле башкаруунун зарылдыгын таануу; коомдун башкарууга катышуусун кеңейтүү жана билим берүү уюмдарын башкарууну коомдук-мамлекеттикке айлантуу; окуу мазмунун жаңылоо башкарууну өзгөртүү үчүн кызмат кылат; башкаруу функциясынын көп бөлүгүн студенттерге жана уюмдарга берүү; педагогикалык жамааттын жогорку маданият деңгээлин түзүү; жогорку окуу жайларды, класстык жамаатты жана окутуучуну тандоо, педагогдор менен өзүнүн программаларын түзүү.

Демократиялаштыруу окуу-тарбиялык процесстин бардык катышуучуларын башкарууга тартуу аркылуу көрүнөт. Социумдун билим берүүнүн бардык деңгээлдериндеги башкарууга жана өзүн өзү башкарууга түздөн-түз катышуусу ар бир жарандын өзүнө жана балдарына жасаган мамилесиндеги жарандык парзын аңдаган учурда ишке ашат.

Билим берүүнү башкарууну демократиялаштыруу «төмөнтөн» жаралат, «жогортон», өзгөчө буйрук менен киргизилбейт. Билим берүүнү башкарууну демократиялаштыруу үч негизги механизмдин жардамы менен ишке ашат: чарбалык механизм (экономикалык структура, куралдар, формалар жана чарба жүргүзүү методдору), каржылоо механизми (бөлүштүрүү мамилелеринин кеңири системасы ишке ашырылуучу форма жана методдордун биримдиги, киреше жана жыйымдардын калыптануу процесси жүрөт, борборлоштурулган жана борбордон обочолонгон каражаттар колдонулат) жана уюштуруу процессинин механизми (инсандын калыптануу сапатына, максаттуу адам ишмердиги жана анын натыйжаларына таасир тийгизүүчү структураны түзүүчү жана жашоону камсыздоочу факторлордун биримдигинин өз ара карым-катышы жана өз ара аракеттешүүсү).

Билим берүүнү демократиялаштырууда үч мааниге көңүл бурууну М.М.Поташник сунуштайт: каражат катары, процесс катары жана принцип катары. Биздин түшүнүгүбүздө билим берүүнү башкарууну демократиялаштыруу – бул катышуучулардын (окутуучулар, ата-энелер, жогорку окуу жайлары, жетекчилеринин) бардыгынын арасындагы демократиялык мамилелердин калыптануу процесси: билим берүү уюмдарын башкарууну демократиялаштыруу процесс катары этап менен жүрөт жана башкарылат.

Н.Пирожник демократиялык жүрүм-турумдун ченемдерин калыптандыруучу бир катар шарттарды бөлүп көрсөтөт: «жогорку окуу жайларынын жетекчилиги реформатор болуш керек, демократиялык башкаруунун маңызына түшүнүп, жамаат менен биргелешип чечим кабыл алууга даяр болушу зарыл; башкарууну демократиялаштыруу үчүн «төмөнтөн» колдоо зарыл – педагогдордун, студенттердин жана ата-энелердин жигердүү катышуусу; окутуучу-предметник, кураторлор демократиялык башкаруу билгичтиктерине ээ болуп, ушул билгичтиктерди студенттерге жайылтышат; демократиялык биргелешип башкаруу системасы убакытты талап кылат».

Билим берүү уюмун башкаруу системасын демократиялаштыруунун башкы багыттарын белгилемекчибиз.

*Билим берүүнү башкарууну демократиялаштыруу төмөнкүлөрдү камтыйт:*

– жамааттын укуктарын жана макамдарын (ыйгарым укуктарын) бир эле учурда ар биринин милдет жана жоопкерчиликтери менен чогуу кеңейтүү;

– макамдарды жогорку деңгээлден студенттин деңгээлине чейин берүү;

– педагогдор, студенттер жана ата-энелер башкаруучу демократиялык органдарды өнүктүрүү;

– тандоо башталыштарын жана өкүлчүлүк органдарды өнүктүрүү (тандоо укугу демократиялаштыруунун маңызы);

– педагогдор жана студенттердин мамилелерин демократиялаштыруу;

– жалпы окуу-тарбия процессин демократиялаштыруу.

Билим берүүнү башкарууну демократиялаштыруу педагогдордун жана студенттердин жигердүүлүгүн, демилгесин жана чыгармачылыгын, мындан башка социумдун билим берүүнү башкарууга кеңири катышуусун өнүктүрүүгө багытталат.

Н.Горбунова жана Т.Френкель өздөрүнүн эмгегинде белгилешкендей, эске ала турган бир катар негативдүү учурлардан көз каранды: демократиянын бирдиктүү системасын уюштуруунун формасы катары түшүнбөстүк; билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын ушул проблеманы чечүүгө психологиялык жактан даяр эместиги; ЖОЖдун ичиндеги жана ЖОЖдун сыртындагы башкаруу бөлүмдөрүнүн байланышынын жоктугу; каржылык жана материалдык-техникалык базанын жоктугу; кадрдык камсыз болбогондук; так аныкталган социалдык суроо-талаптын жоктугу.

Республикабызда билим берүүнү башкарууга байланыштуу демократиялык процесстер башкарууну борбордон обочолонтуу, жергиликтүү жана аймактык деңгээлде башкарууну өнүктүрүү, башкаруу процессинде ачыктыкты камсыздоо, мамлекеттик-коомдук башкарууну жайылтуу сыяктуу аракеттер менен коштолууда.

Билим берүүнү мамлекеттик–коомдук башкаруу билим берүү уюмундагы өзүн-өзү башкаруунун ар кандай түрлөрүнүн айкалышы аркылуу камсыз болот. Аларга окутуучулардын, студенттердин республиканын ЖОЖдорундагы ата-энелердин өзүн өзү башкаруусу, мындан сырткары, билим берүүнү башкарууга коомчулукту жана социумду тартуу аракеттери кирет.

Республиканын ЖОЖдорундагы окутуучулардын өзүн өзү башкаруусу боюнча изилдөөлөр иш жүзүндө анын деңгээли жогору эмес экендигин көрсөттү. Ал эми жүргүзүлгөн педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжалары студенттердин өзүн өзү башкаруусуна сабаттуу педагогикалык колдоо зарыл деген гипотезабызды далилдеди. Изилдөө иштеринин жүрүшүндө биз республиканын билим берүү уюмдарындагы студенттик өзүн-өзү башкаруунун толук кандуу иштешинин шарттарын айкындадык. Ага ылайык, студенттик өзүн өзү башкаруусу билим берүү уюмунун демократиялык принциптерине байланыштуу болот. Студенттик өзүн өзү башкарууну өнүктүрүү үчүн аларды коомдун тең укуктуу жараны катары кабыл алуу зарыл.

Республиканын ЖОЖдорундагы ата-энелердин биргелешип башкаруусунун абалын талдап, ата-энелер менен иштөөдөгү кыйынчылыктардын себептери белгиленди. Республиканын билим берүү уюмдарын мамлекеттик-коомдук башкаруу үчүн ченемдик–укуктук база түзүлгөн. Жогорку окуу жайларда студенттердин эле эмес, педагогдордун ар түрдүү бирикмелери иштөөдө, коомдук уюмдардын жана социумдун өкүлдөрүнүн социалдык өнөктөштүгү өнүгүүдө.

Ал эми жогорку окуу жайларда билим берүүнү мамлекеттик–коомдук башкаруу камкорчулар кеңешин түзүү аркылуу жүзөгө ашууда. Билим берүүнү мамлекеттик-коомдук башкарууну түзүүнүн биз тарабынан иштелип чыккан ыкмалары аталган процессти жогорку окуу жайларда өнүктүрүүгө көмөк берет.

Билим берүүнү демократиялаштыруу менен байланышкан бардык көйгөйлөрдү аягына чейин чечип жиберет деп айтуудан алыспыз. Билим берүүнү демократиялаштыруунун карама-каршылыктары, жогорку билим берүү тармагындагы изилдөөлөрдү өнүктүрүүнү андан ары улантуу зарылдыгы бар деп эсептейбиз.

Адабияттар:

1. Билим берщщ академиясы, Кыргыз-Түрк “Манас” университети, 2011. –191 б.
2. Горбунова Н., Френкель Т. Теоретические вопросы демократизации внутришкольного управления //Совершенствование управления народным образованием в условиях демократизации советского общества: Тезисы докладов Всесоюзной научно-практ. конф. Ч.I. - М.: Госкомитет СССР по НО, АПН СССР, 1988. -С. 21-25.
3. Ковтенюк Л. Как дети учатся основам демократических отношений //Народное образование, 2002, № 7. -С. 92-93.
4. Мамытов А. О новой структуре упражнений образования, реализующих образовательно-профессиональные программы по физической культуре. //Инновации в высшей школе. Опт и перспективы. – Бишкек: МУК, 1996. –С. 59-63.
5. Медушевский А.Н. Демократия и авторитаризм: российский конституционализм в сравнительной перспективе -М., 1998.
6. Панков В.В. Вопросы демократизации современной школы //Материалы научно-практической конференции КГПУ им. И. Арабаева. /КГПУ им. И. Арабаева, ИПК и ПК, кафедра педагогики и психологии. -Б.: КГПУ, 2001. -С.67-69.
7. Поташник М.М. Демократизация управления школой. -М.: Знание. 1990. С. 80.
8. Поташник М.М. Демократизация школы: отношения «учитель - ученик» //Воспитание школьников, 1991, №1. -С. 2-5.